# 8-КЛАССТА КЫРГЫЗСТАНДЫН ГЕОГРАФИЯЛЫК АБАЛЫН ОКУТУУ

**АКИРЕНОВА Р.**
biblionsu@rambler.ru

Буга чейин сабак берүүгө басым жазалып келсе, эми окуучунун жалпы көндүмдөрүн калыптандырууга же инсанга багытталган окутуу болуп калды. Инсанга багытталган окутуу- мугалим менен окуучунун кызматташуусу бекемделип, үзгүлтүккө учурабай окуучунун өз алдынча окуп үйрөнүүсүнүн өсүшү байкалат. Бул окутууда окуучуларга окуп үйрөнүүнүн максаттары, баалоо критерийлери жөнүндө маалымат берүү, окуучуларды критерийлердин негизинде өзүн-өзү баалоого катыштыруу, окуучуларга андан ары кадамдарын жана аларды жасоо ыкмаларын аныктоодо көмөктөшүп, ар бир окуучунун өз жетишкендиктерин жакшырта алаарына ишенимин бекемдей турган кайтарым байланышты камсыздоо кирет. Бул иштерди аткарууда сабактын планын максатка ылайык жазуу негизги орунда турат.

Кыргызстандын географиялык абалын окутууда сабактын максаты окуучуга багытталып түзүлүш керек. Окутуп үйрөтүүчү максатта окуучулар кайсы гана аймак болбосун жаратылыш шартын түшүнүү жана айкындай билүү үчүн географиялык абалды аныктоочу белгилерди үйрөнүү керектигин билишет. Окутуп үйрөтүүчү максаттагы **түшүндүрмөлөр** берилет. Географиялык абалды аныктоочу белгилер эмнени камтый ала тургандыгын билишет, картаны окуй алышат, шарттуу белгилерди түшүнө билишет.

Өнүктүрүүчү максатта картаны пайдаланып Кыргызстандын географиялык абалын билүүсү, өздөрү жашаган аймактын географиялык абалын аныктай билүүсү зарыл. Бул максатта да **түшүндүрмөлөр** берилет. Экваторду, меридианды, параллелди пайдаланып, географиялык координатаны айта алышы, физикалык картанын, глобустун жардамы менен жылуулук алкактарына жакын же алыстыгын тактай алышат.

Тарбиялык максатты коюда республиканын географиялык абалы башка өлкөлөр менен достукту чыңдоого, экономикалык мамиле түзүүгө мүмкүн экендигине ынанышат. **Түшүндүрмөлөр:** тогуз жолдун тоомунда жайгашкандыгы (Пекин-Үрүмчү-Алматы-Ташкент-Ашхабад-Мешхед-Тегеран-Перция булуңу-Стамбул-Европага жол ачылат).

Сабактын жүрүшүндө уюштуруу учурунда мугалим менен окуучу саламдашып, окуучулардын сабакка даярдыгын текшерет (дептер, карандаш, калем сап, окуу китептери, географиялык атлас). Андан кийин балдарга теманы өтөөрдөн мурун географиялык абалды аныктоочу кандай белгилерди билүү керек экендигин эске салуу үчүн төмөндөгүдөй суроолор берилет. **Түшүндүрмөлөр:** кайтарым байланыш жасалат, Бул иш мугалимге окуучулардын тема боюнча билимдеринин, билгичтикеринин деңгээлин аныктоо мүмкүндүгүн берет (диагностоочу баалоо).

- Меридиан, экватор, параллель сызыгы эмне үчүн географиялык абалды аныктоого керек?
- Географиялык абалды аныктоодо негизги белгилер кайсылар экендигин аныктайбыз.

Жогорудагы суроолорго жооп алгандан кийин бул жооптор Кыргызстандын географиялык абалын аныктоодо кандай роль ойной тургандыгын тактоо үчүн төмөнкү сүйлөмдөрдүн окшоштуктарын табуу сунушталат.

1. Аймак ыңгайлуу же ыңгайсыз абалда (жерде) жайгашканын билүү үчүн географиялык абалды үйрөнүү керек.
2. Мамлекет жайгашкан дүйнө бөлүгүнүн же материктин аты.
3. Экваторго же нөл меридианына карата ээлеген абалын көрсөткөн анын четки точкаларынын географиялык координаталары жана жылуу же муздак агымдарга, бийик же жапыз тоо системаларына, жердин жылуулук алкактарына жакындыгы же алардан алыстыгы.

Бир нече окуучулар сүйлөмдөрдү окуп, алардын окшоштуктарын,

айырмачылыктарын айтышкандан кийин мугалим туура жооп берген окуучуларды мактап, тапшырманы так аткара албаган окуучулардын каталарын көрсөтүп, түшүндүрмө бериши керек. Сүйлөмдөрдү салыштыруу окуучуларга Кыргызстандын географиялык абалын аныктоодо географиялык абалды аныктоочу белгилерди билүүнүн канчалык деңгээлде мааниси бар экендигин билип алуу мүмкүндүгүн берет. Калыптандыруучу баалоонун «сөз жүзүндөгү баалоо» ыкмасы (оозеки кайтарым байланыш) жүргүзүлөт. Мугалим туура жоопту мактоо менен оозеки кайтарым байланыш өткөрүү менен окуучунун географиялык абалы жөнүндөгү материалды жакшы өздөштүргөнүн түшүнөт, айрым окуучулардын көнүгүү аткаруудагы каталарын да көрсөтөт. Баа коюлбайт, бирок окуучулар зарыл түшүндүрмөлөрдү алышат.

Андан соң мугалим толуктоо киргизип, ишти аткарууда, аткарган ишти баалоодо колдонула турган критерийлер айтылып, түшүндүрмө берилиши керек.
1. Кыргызстандын географиялык абалын аныктай турган белгилерди туура аныктоо
2. Түндүк, түштүк, батыш, чыгыш чектерин билүү, координатаны табуу.
Андан кийин тапшырма берилет. **1-тапшырма**: Көп чекиттердин ордуна Кыргызстандын географиялык абалын аныктоого туура келген сөздөрдү коюп, көчүрүп жазылат.

**1-текст**. Кыргызстан…. жарым шаардагы эң чоң материк…. борбордук бөлүгүнөн…, аны чулгаган… менен деңизден… орун алган. Кыргызстан ээлеген аймактан… карай… тоолор… Казакстандын… тоолоруна жана андан ары Батыш Сибирдин… түздүгүнө өтөт. Түштүктү карай тоолордун… улам артып, Памир, Гиндикуштун… Кара Корум, Тибет менен Гималайдын… аркылуу Индостан жарым аралынын… өтөт. Кыргызстандагы эң… чеги Чүй дарыясынын сол жайылмасынын чегинде Камышановка кыштагынын… жагындагы… түндүк кеңдикте өтөт. Ал жерден Түндүк Муз океанына чейинки аралык… километр, түштүк чеги… тоо кыркасында… тушундагы… сол куймасы… суусунун алабындагы мөңгүнүн…

Колдонуу үчүн сөздөр: чыгыш, Евроазиянын, океан, алыс, түндүктү, бийик, жапыздыгы, бөксө, түздүгүнө, бийиктиги, чыгышы, батышы, түздүктөрүнө, түндүк, түштүк, $43^{0}16^{I}$, 3380. Чоң Алай, Доорот Коргон, Кызыл Суунун, Алтын дайра, башы. Окуучулар ишти жекече аткарып, иш аткарылгандан кийин мугалим окуучулардан партадагы чогуу отурган шериктери менен дептерлерин алмашып, текшеришет. Мурда айтылган критерийлер боюнча баалоону сунуштоо керек, бирок баа коюлбайт. Окуучулар туура тандалган сөз айкаштарын белгилейт. Тапшырма текшерилип бүткөндөн кийин, мугалим 2-3 окуучудан бир нече ишке түшүндүрмө берүүсүн өтүнөт да, андан кийин тапшырма берип, баалоо критерийлерин айтат.

1. Кыргызстандын географиялык абалын туура аныктоо
2. Батыш, чыгыш, түндүк, түштүк чектерин билүү, координатасын табуу

**Түшүндүрмө:** мугалим өз ара баалоо усулун колдонот, бул усул окуучуларга бири-биринин иштерин текшерүү аркылуу окулган материалдарды бышыктоо мүмкүндүгүн берет жана анын артыкчылыгы мында окуучулар башкалардын күчтүү жана начар жактарын белгилөөнү, бул аркылуу өздөрүнүн өсүшүн талдоону үйрөнүшөт.

**2-тапшырма:** Кыргызстандын географиялык абалын аныктоого туура келген сөздөрдү тандап, текстти окуучулар көчүрөт.

**2-текст.** Кыргызстан… жарым шаарда, Евроазиянын… бөлүгүнөн… Океан, деңиздерден… орун алган. Түндүктү карай… тоолор жапыздап… Казакстандын… тоолоруна, Батыш Сибирдин түздүгүнө өтөт. Түштүктү карай… тоолорго Памир, Гиндикушка өтөт. Кыргызстан… алкактын бөлүгүндө жайгашкан. Кыргызстандын… чеги Чүй дарыясынын сол жайылмасынын чегинде Камышановка кыштагынын… жагындагы $43^{o}16^{I}$… кеңдикте өтөт. … чеги Чоң Алай тоо кыркасында Доорот Коргондун… Кызыл Суунун… куймасы Алтын дайра суусунун алабындагы мөңгүнүн башы, … чеги… кырка тоосунун… карай багытталган кыры. Чыгышы… мөңгүсүнүн төрүндө, … кырка тоосунда жайгашкан 6210 метр бийиктиктеги чоку. Кыргызстан… чыгышында орун алган.

Окуучулар ишти жеке аткарып, андан кийин мугалим окуучуларга суроо берет:
- Географиялык абалын аныктоонун белгилери кайсылар?

- Кыргызстан кайсы материкте орун алган?
- Кыргызстандын географиялык абалын аныктоодо эмне үчүн географиялык абалды аныктоонун белгилерин билүү керек?
- Кыргызстандын мисалында өз жериңердин географиялык абалын, картаны пайдаланып аныктагыла?

Мугалим текшерүүнүн бул формасын (калыптандыруучу баалоону) жазуу ишин аткаргандан кийин дароо эле колдонот. Жооп берген окуучуларга «эмне үчүн?», «кандай?», «кайсы?», «кантип?» жана башка тактоочу суроолорду берет. Андан кийин төмөнкү темалардын бирине текст жазып келгиле деп үйгө тапшырма берет.

«Нарын облусунун географиялык абалын мүнөздөө» же «Чүй облусунун географиялык абалы»

Жыйынтыгында баалоо критерийин эске салат. **Түшүндүрмө:** мугалим 5-6 ишти критерийлер боюнча текшерип баа коёт (жыйынтыктоочу баалоо)

**Адабияттар:**

1. Н.Бакиров, Ш.Токомбаев. «Физикалык география». 6-класс. Бишкек, «Педагогика», 2002.
2. И.С.Матрусов «СССРдин физикалык географиясы» 7-класс. Фрунзе, «Мектеп», 1988.
3. Г.В.Благодарова, А.Ташматов. «Кыргызстандын мектептеринде географияны окутуу». Фрунзе ,«Мектеп», 1980.